# Сезимдин кыялы



Автор: Шаршенбаева Нурайым

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Сезимдин кыялы

Автор: Шаршенбаева Нурайым
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сезимдин кыялы" (кыргыз тилинде), автор Шаршенбаева Нурайым, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Апам ар түрдүү оюнчуктарды жасап, дүкөндөргө өткөрөт.

Жайкы каникул башталганда:

– Сен эми чоң кыз болдуң, таңдан кечке ойной бербей, мага да жардам бер. Бул өнөрдү үйрөнүп алсаң, пайдасы тийет, – деди.

– Албетте, апа, жардам берем! Мен чий куурчак жасаганды билем да! – дедим мен.

– Эми мындай куурчак жасаганды үйрөтөм, – деди чачы узун, кыргыз көйнөкчөн куурчакты көрсөтүп.

– Мындай куурчакты жасай албайм! – дедим көзүмдү алайтып.

– “Көз коркок, кол баатыр” Аракет кылсаң, тез эле үйрөнүп аласың. Сен эптүүсүң го, – деди апам мага ишенерин билдирип.

Чочулап турсам да:

– Макул, апа, – дедим.



Ошол күндөн баштап куурчак жасай баштадым. Алгач куурчактын дене мүчөлөрүн өз-өзүнчө ак кездемеден тигип алдык. Ар бирини ичин кебез менен толтуруп, анан бири-бирине кошуп чыктык.

Мунун баарын апамдын жардамы менен жасап жаттым. Көйнөк тиккенди да үйрөндүм. Чачын топ жиптен өрдүм. Айтор, алгачкы куурчагым апамдын жардамы менен даяр болду. Ошентсе да, жалгыз өзүм жасагандай кубандым.

– Таланттуусуң, кызым! – деди апам.



Ансайын кубанып, атам жумуштан келер менен куурчагымды көрсөттүм. Атам да мактады. Демек, мен чындап эле таланттуу экенмин да!



Кийинки оюнчугум жалгыз өркөчтүү төө болду, андан соң боз үйдүн саймасын сайдым. Буларды жасаганда анча кыйналбадым.

– Карачы, кандай азаматсың! – деди апам. – Каалооң болсо, ушинтип тез эле үйрөнүп аласың, – деди апам жылмайып.

– Эртеден кечке ойной бергенден көрө оюнчук жасаган алда канча кызыктуу экен, – дедим мен.



Апамдын уруксаты менен өзүм жасаган куурчакты сыртка алып чыктым. Курбуларыма апама жардам берип жатканымды, ал эми колумдагы куурчакты өзүм жасаганымды айттым.

– Ай-и-ий! – дешти баары таң калып. – Сонун жасаптырсың!

– Чын эле өзүң жасадыңбы? – деди бири ишенбей.

– Ооба, өзүм жасадым. Кааласаңар үйрөтөм, – дедим шаттанып.

Арабызга жакында гана кошулган Сезим деген кыз бар.

– Мен үйрөнсөм болобу? – деди ал.

– Албетте, болот.

– Апама айтып коюп келем, – деп Сезим үйүнө жүгүрдү.

Ошентип, Сезим биздин үйгө келип, кол өнөрчүлүктү үйрөнө баштады.

– Сезим, колуң абдан ийкемдүү турбайбы. Күнүгө келсең, тез эле үйрөнүп аласың, – деди апам.

Сезим апамдын мактаганына абдан кубанды.

Сезим экөөбүз ынак болуп кеттик. Күнүгө келет, чогуу ойнойбуз, анан апама жардам беребиз. Сезим да куурчак жасаганды тез эле үйрөнүп алды.



Бир күнү кечинде апам атама:

– Эртең лагерге жолдомо сатып келейин. Кызың абдан жакшы жардам берди, – деди мени мактап.

– Албетте! – деди атам.

Лагерди укканда так секире кубандым.

– Балким, Сезим да барар? Ал барса, экөөңө тең жакшы болмок, – деди апам.



Эртеси ойгонор менен Сезимдикине чуркадым.

– Сезим! Апам мага лагерге жолдомо сатып бергени жатат. Балким, сен да барасың? – дедим шашкалактап.

– Билбейм... – деди Сезим. – Апамдан сураш керек.

– Апаң макул болор? Сурап көрсөң.

– Апам жумушка кеткен. Үйдө байкем эле...

Сезим сыртка бет алды. Мен да артынан ээрчидим. Сезимди кызыктыруу үчүн лагерде ар кандай оюндарды ойной турганыбызды, тилдерди үйрөнүп, экскурсияларга чыга турганыбызды айтып бараттым.

Экөөбүз ээрчишип апама келдик.

– Сезим, сен да лагерге баргың келеби? – деди апам.

Сезим билбейм дегенчелик кылып ийинин куушурду да, өзү жасап жаткан куурчакты колуна алды.

Кечинде апам Сезимдин апасы менен сүйлөштү. Биз сыртта ойноп жүрдүк.

Бир маалда апамдар бизди чакырышты да:

– Лагерге экөөңөр чогуу бара турган болдуңар, – дешти.

– Ура-а! – дедик абдан кубанып.

Албетте, лагерге чогуу барган алда канча кызыктуу болот да!

Ошентип, экөөбүз лагерге чогуу бардык. Ал жакта жүргөн он күн абдан кызыктуу өттү.

Баарынан да бир күн эстен кеткис болду. Ошол күнү эртең менен тарбиячы эжей:

– Бүгүн сынак өткөрөбүз! Кимдин кандай өнөрү болсо, жалпыга тартуу кыласыңар, – деди.

– Ура-а! – дедик баарыбыз кол чаап.

– Менин жардамым керек болсо, тартынбай сурай бергиле, – деди эжеке.

– Сезим, экөөбүз куурчак жасайлы, ээ? – дедим шыбырап.

– Мен сүрөт тартсамбы дедим эле... – деди ал мени таарынтып алчудай тартынып.

– Сен сүрөттү жакшы тартасыңбы? – дедим таң калып. Анткени буга чейин анын сүрөт тартканын көргөн эмес элем.

– Ооба, абдан жакшы көрөм, – деди Сезим уялыңкы.

– Мейли анда, сен сүрөт тарт, а мен куурчак жасайм.

Эжейден куурчак жасаганга кездеме, ийне-жип сурап алдым. Кадимки куурчак жасаганга убактым жетпейт го деп ойлодум. Ошондуктан сыртка жүгүрүп чыгып, чий куурчактын тулкусун жасаганга эки таякча таап келе калдым. Сезим да эжейден өзүнө керектүүлөрдү сурап алды да, сыртка бет алды. Куурчак менен алаксып жатып, анын неге сыртка бара жатканын сураган жокмун.

Куурчагымды жасап бүткөндө гана Сезимдин алигиче бөлмөгө келе элегин байкадым. “Кайда кетти?” – дедим таң калып.



Сезимди издеп лагердин короосуна чыктым. Ал жер абдан кооз. Бак-дарактуу, гүлдүн түрлөрү өсөт. Фонтан да бар.

Бак-даракты аралай бастым. Тээ нарыда Сезим чөпкө отуруп алып бир нерсе кылып жатыптыр.

– Сези-им! – дедим кыйкырып. – Кайда эле жүрөсүң? Сүрөт тартам дебедиң беле-е?

Мени көрө сала тизесине коюп алган тактаны ары жылдырып, бир баракты артынаката калды да:

– Мен бул жактан тартып жатам, – деди.

– А мен чий куурчак жасадым! Жакшы бекен? – дедим колумдагы куурчакты көрсөтүп.

– Ооба, абдан жакшы экен, – деди Сезим.

– Сен неге сүрөтүңдү жашырып жатасың? Көрсөтчү? – дедим.

– Окшоштура албай жатам... – деди да колундагы баракты мага сунду.

Сүрөттө бир киши карап туруптур.

– Бул ким? – дедим кызыгып. – Сонун тартыптырсың.

– Бул менин атам, – деди Сезим. – Кийин чоң сүрөтчү болгонумда мындан да жакшы кылып тартам.

– Көрбөй туруп кантип тарттың? – дедим сүрөттөн көзүмдү албай.

Сезим мойнундагы чынжырчада илинген тегерек нерсенин капкагын ачты. Мен муну мурда эле байкагам, бирок бул эмне деп кызыгып сураган эмесмин. Көрсө, анын ичинде атасынын сүрөтү бар экен.

– Бул сүрөттү карап тарттым...

– Ай-и-ий! Атаңдын сүрөтү ар дайым жаныңдабы? – дедим суктанып.

– Ооба...

– Бул тарткан сүрөтүңдү үйгө ала кетели. Атаң көрсө абдан кубанса керек!

Сезим унчукпай отурду да, бир маалда:

– Атам мен тарткан сүрөттөрдү эч качан көрбөйт, – деди.

Мен Сезимдин атасы жок экенин эми гана билдим...

– Сезим, сен абдан таланттуу экенсиң, – дедим мактап. – Сен сөзсүз чоң сүрөтчү болосуң!



Сынакта ар ким ар кандай өнөрлөрүн көрсөтүштү. Ыр, бий абдан шаңдуу болду. Бир кыз жомок айтып берди. Дагы бирөө өзү жазган ырлардан окуду. Мага эң кызыгы кол өнөрчүлүктүн көрсөтмөсү болду. Сайма сайгандар, куурчакка көйнөк тиккендер да бар экен. Ал тургай бир бала жыгачтан машине жасаганга жетишиптир. Сүрөттөр да абдан мыкты болуптур.

Акырында калыстар тобундагы эже-агайлар баарыбызды мактаашты. "Ким жеңүүчү болот?" – деп ичибизден толкунданып турдук.

– Биринчи орун Айдарбек кызы Сезимге берилет! – дегенде, мен так секирип тура калдым. Сүйүнгөндөн:

– Ура-а! – деп кыйкырып да жиберипмин. Бардыгы мага кошулуп:

– Кут-тук-тай-быз! – деп кол чабышты.

Сезимдин кубанычында чек жок эле! Ага бардыгы ийгилик каалап жатышты.

Мен Сезимдей таланттуу, аракетчил курбум бар экенине абдан сыймыктандым. Анын сөзсүз түрдө сүрөтчү болоруна, атасынын сүрөтүн кыялындагыдай кылып тартарына ишенем.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шаршенбаева Нурайым
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли